Бекитемин:

Итикул Молдобаев атындагы

орто мектебинин директору:

Саякбаева Н

“1” ________ 2022-жыл

*Нарын облусу,Ак- Талаа району, Жерге Тал айылы, Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби*

“Ата-энелер мектебинин “ жобосу

*Максаты: ата-энелер менен бирдикте окуучулардын билим –тарбия сапатын жакшыртуу, өркундөтүү*

*“Ата-энелер мектебинде”* 5-класстан баштап ар бир класстын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып,үй-бүлөөдө балдарды туура тарбиялоодо ата-энелерге жардам берүүчү ,усулдук багыт берүүчү темалар камтылды.

*Жободо алгач -5-11-класстардын ар биринин жаш өзгөчөлүктөрү,моралдык –психологиялык өсүү закон ченемдүүлүктөрү жана ошолорго ылайык тарбиялык таасир берүү методдору камтылды .Мында балдарды мектепке ,мугалимге сый –урмат көрсөтүүгө , китепке,билимге кызыгууга тарбиялоо, моралдык –психологиялык климат,өзүн-өзү тарбиялоо ,өзүн-өзү тейлөө ,акыл эмгеги жөндөмүн өстүрүү ,ой-өрүшүн, кругозорун өстүрүү ж.б темалар камтылды.Өзгөчө балдардын үй тапшырмасын аткаруусун уюштуруу,ага шарт тузуу , контролдоо ,эс алуусу ,тамактануу, ойноо,эмгектенүү жана башкаларды туура уюштурууга маани берилди.*

*Балдардын чарчап чаалыгуусу,баш нерв ооруусунун алдын  алуу ,ден-соолугун чыңдоо ,спорт менен машыгуусуна арналган темалар бар.  Бала тарбиясында ата-эненин жеке улгүсу ,тарбиянын максаттары,методдору,сырлары жөнүндөгү  темалар берилип,практикалык ишине,машыгуу көнүгүүсүнө сааттар бөлүндү.*

*Класстарына ылайык тарбиянын түрдүү багыттары :акыл-эс,адептүүлук,ыйман,этика жана башкалар камтылды.Класстар жогорулаган сайын ата-энелерге өтүүлүүчү темалар бир аз татаалданып,жаш өзгөчөлүгунө карата темалар бар*

*.Мисалы: 9-10-класстарга :Эл-жерин сүйүү,досторду,чөйрөнү туура тандоо камтылды,адамдар менен туура мамиле кылууну, балдар менен кыздарды тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү берилди.*

*9-11-класстарда зачет,экзамен,ЖРТке даярдануу ,убакытты туура пайдалануу ,ишмердүүлукту уюштурууга үй-булөдөгү тарбиялоого багыт берилди.Ар бир темага 2сааттан убакыт бөлүнүп, анын бир сааты теория,бир сааты практикалык иш,тренинг,тажыйба алмашуу ж.б түрүндө өтүлөт.*

*Ата-энелер мектебинин бул сабактарында, балдары мыкты окуган ата-энелер ,тажрыйбалуу лекторлор ,дарыгерлер ж.б.атактуу инсандар чакырылып, жолугуушулар өткөрүлөт.Ар бир тема өтүлгөндөн кийин ,кийинки сабакта текшерилип, атайы журналга бааланып, андан кийин жаңы тема өтүлүп турат.Ата-энелер мектеби курсунун акырында тегерек стол ,тажрыйба болүшүү,суроо-жооп,анкета толтуруу,үлгүлүү үй-бүлөөлөргө экскурция уюштурурулат.Программа жаңы сунуштар менен толукталып,өркундөтүлөт.*